Ош облустук коомдук-саясый гезити

www.oshinfo.kg

# Ош жаңырыгы

ГЕЗИТ 1938-ЖЫЛЫ 14-ОКТЯБРЫНДА НЕГИЗДЕЛГЕН: "КЫРГЫЗСТАН БОЛЬШЕВИГИ", "ЛЕНИН ЖОЛУ"

№26 [16984] ИШЕМБИ, 04/10/2025

## Мугалим-коомдун сыймыгы жана күзгүсү



7-бетте

## АКМАТ АГАРТУУЧУ СПОРТТОН ТААНЫЛГАН




5-бетте

## Улуу муун өкүлдөрүнө сый-урмат көрсөтүлдү



2-бетте

## Аскарали Абдибаев: “МАКСАТЫБЫЗ - НООКАТ ШААРЫНДАГЫ КАЛКТЫН ЖАШОО ШАРТЫН ЖАКШЫРТУУ”



4-бетте

## Заманбап чакырыктардын контекстинде Улуттук банктын ишмердүүлүгү




3-бетте

Ош жаңырыгы
Ош облустук коомдук-саясий гезити

УЮШТУРУУЧУ:
Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлиги

**Башкы редактор:**
КАРАКОЗУЕВ Асанбек Курманбекович

**Жооптуу катчы:**
Канымжан Кыдыралиева

**Нөөмөтчү**
А.Матиева

Гезит редакциянын компьютердик комплексинде терилип, жасалганды. "Принт Мастер" ЖЧКсынын басмаканасында басылды.
Бишкек шаары, Анкара көчөсү 1г
Көлөмү А3 - 2 басма табак
Тел: 0 (312) 53-00-00

**Буюртма №: 1231**
**Нускасы: 1700**

**Реквизиттер:**
Р/эсеп: 4407011102006594
Бик: 440701, КР ФМ Борбордук казынасы
ИНН: 02401202310360
ОКПО: 31708371, Ош шаары МСКБ 032

**Дареги:** 723500, Ош шаары, Курманжан датка көчөсү, 209-үй.

Жарыяланган макалалар редакциянын толук көз карашын билдирбейт.
Жарыя-жарнамалардын текстине редакция жооп бербейт.
Кол жазмалар кайтарылбайт.

**Байланыш:**
Кабылдама: 7–13–34
Жооптуу катчы: 7–10–02
Жарнак бөлүмү: 7–11–31
E-mail: oshjan@mail.ru

Гезитибиздин сайтына жогорудагы QR-код аркылуу кириңиз.

Гезитибиздин келе жаткан жаңы сандарына жазылууга жана жарнама кызматы үчүн жогорудагы QR-кодду колдонуңуз.
Терең урматтоо менен, "Ош жаңырыгы" гезитинин редакциясы!

# Улуу муун өкүлдөрүнө сый-урмат көрсөтүлдү



1-октябрда — Карылардын эл аралык күнүнө карата Ош облусундагы улуу муун өкүлдөрүнө көңүл бурулуп, ардактоо иш-чаралары өткөрүлдү. Бул күндү утурлай Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басарлары жана аппарат жетекчиси аймактардагы улуу инсандардан кабар алышып, майрамдык маанай тартуулашты.

Өкүлдүн орун басары Илияз Ташбаев Кара-Суу районунун Отуз-Адыр айыл аймагындагы Кара-Дөбө айылына барып, 97 жаштагы Лайли Мамытованын үйүндө болду. Ал карыянын ден соолугун сурап, майрамдык куттуктоосун жана белектерин тапшырды.

Ал эми орун басар Талантбек Арстанкулов Өзгөн районунун Жазы айыл аймагында жашаган, 89 жаштагы Баатыр эне Ибадат Абдыразакова менен жолугушуп, облус жетекчисинин атынан терең урматсыйын жана каалоо-тилектерин жеткирди.

Ошондой эле өкүлдүн аппарат жетекчиси Руслан Кубаталиев Кара-Кулжа районуна барып, 86 жаштагы Эмгектин ардагери Күчүкбай Калмурзаевге зыярат кылып, майрамдык белек тапшырды.

Белгилей кетсек, учурда Ош облусунда жалпы 110 459 улгайган жаран жашайт. Алардын ичинен 90 жаштан жогору курактагы 1 572 ардагер бар.

# Күз-кыш мезгилине карата даярдык




Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн аппаратынын чоң жыйындар залында өкүлдүн биринчи орун басары Курбанбек Айтибаевдин төрагалыгы астында 2025–2026-жылдардын күзкыш мезгилине даярдык көрүү боюнча жыйын болуп өттү.

Иш-чарага Кыргыз Республикасынын Энергетика министринин орун басары Алтынбек Рысбеков, район акимдери, облустук жана райондук мекеме-ишканалардын жетекчилери катышты.

Жыйында облус аймагындагы күз-кыш мезгилине карата даярдыктардын жүрүшү, аймактардагы жылытуу системаларынын абалы, отказандарды оңдоптүзөөдөн өткөрүү, көмүрдүн запасы, көмүр сактоочу жайлар жана сатуу пункттарынын даярдыгы боюнча маселелер талкууланды.

Жыйындын жыйынтыгында тиешелүү жетекчилерге так тапшырмалар жүктөлүп, кемчиликтерди кыска убакыттын ичинде жоюу боюнча ыкчам чараларды көрүү милдеттендирилди.

# Кыргызстан менен Франция туризм тармагында кызматташат



Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Илияз Ташбаев Франциянын Кыргызстандагы Атайын жана Ыйгарым укуктуу Элчиси Николя Фай менен жолугушту. Жолугушууга Франциянын маданият боюнча атташеси Этьенн Лансэло да катышты.

Тараптар жолугушууда эки өлкө ортосундагы достук мамилелердин жана ар тараптуу кызматташуунун маанисин баса белгилешип, айрыкча, туризм тармагындагы мүмкүнчүлүктөргө өзгөчө көңүл бурушту.

Атап айтканда, "Кыргыз-Ата" мамлекеттик жаратылыш паркын өнүктүрүү максатында мастер-план даярдалып жатканы айтылып, анда аркан жолдорду, зиплайн жана башка туристтик инфратүзүмдөрдү куруу каралган. Бул багытта француз тарап менен тыгыз кызматташууга өзгөчө кызыкдар экендик белгиленди.

Жолугушуунун соңунда тараптар мындан ары да кызматташууну кеңейтүүгө жана достук алаканы чындоого даяр экенин билдиришти.

# Кыргыз-Ата дарыясы тазаланды



КР Өзгөчө кырдаалдар министрлигинин 2025-жылга карата "Атайын алдын алуу жана кесепеттерин жоюу" кошумча иш мерчемине ылайык, Ноокат районунун Кыргыз-Ата айыл аймагына караштуу Борко айылынан өткөн Кыргыз-Ата дарыясынын нугун тазалоо иштери аяктады.

2025-жылдын 24-сентябрында жүргүзүлгөн иштерге КР ӨКМ тарабынан 1 даана экскаватор бөлүнүп, ал эми КР Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн демилгеси менен атайын күйүүчү май камсыздалды.

Натыйжада дарыянын 1500 метр аралыгындагы тазалоо толугу менен бүткөрүлдү.

**Даярдаган: К.Кыдыралиева.**

# Заманбап чакырыктардын контекстинде Улуттук банктын ишмердүүлүгү

**КР Улуттук банкынын Ош облустук башкармалыгында “Заманбап чакырыктардын контекстинде Улуттук банктын ишмердүүлүгү” аталышында семинар өткөрүлдү. Иш -чараны КРУБнын Ош облустук башкармалыгынын башчысы А.Разаков ачты.**

**КР Улуттук Банкынын ишмердүүлүгү тууралуу КР Улуттук банкынын коомчулук менен иш алып баруу бөлүмүнүн башчысы А.Карабаева айтып берди. Ал “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча- кредит саясатынын куралдары”, “Финансы кредиттик мекемелердин ишин көзөмөлдөө”, “Төлөм системасын өнүктүрүү жана “Санарип сом” долбоорун ишке ашыруу” темаларында баяндама жасады.**

Баяндамада Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын акча- кредит саясаты мамлекеттин жалпы экономикалык саясатынын бир бөлүгү болуп саналат деп маалымдалды. Ошондой эле баалардын туруктуулугун камсыз кылуу жана жагымдуу инфляциялык чөйрөнү түзүү өлкөдө макроэкономикалык туруктуулукту камсыз кылууга багытталганы айтылды. Ал эми баалардын туруктуулугу экономиканын суюбъекттеринин экономикалык чечимдерине олуттуу таасир этпей турган керектөө баалардын жалпы деңгээлинин экономикасы болуп саналаары белгиленди. Улуттук банк өлкөдөгү акча -кредит саясатын иштеп чыгат, аныктайт жана жүргүзөт.

Акча- кредит саясатынын максаттуу көрсөткүчү төмөнкү документтерде аныкталган: орто мөөнөттүү мезгилге карата акча -кредит саясатынын багыттары жана жыл сайын кабыл алынуучу акча- кредит саясаты жөнүндө билдирүү. Баалардын туруктуулугуна жетишүү жана аны сактоо зарыл.

Депозиттик операциялар, валюта рыногундагы операциялар, милдеттүү камдык талаптар, репо операциялары, кредиттик аукциондор, своп операциялары жана башка тиешелүү чаралар ишке ашырылат.



Акча -кредит саясаты жөнүндө билдирүү, акча- кредит саясатынын негизги багыттары, КР МК менен УБнын биргелешкен билдирүүлөрү сайтка жарыяланат. Ошондой эле тиешелүү чаралар боюнча пресс -релиз, басма сөз жыйыны, акча- кредиттик жөнгө салуу комитетинин чечимдери, эсептик чен боюнча отурумдардын календары, акча-кредиттик саясаты жөнүндө отчет сайтка жарыяланат. Акча- кредиттик саясат жөнүндө отчет алкагында макроэкономикалык болжолдор жана инфляция боюнча болжолдоолор жасалат. Жылдык отчет макроэономикалык жана монетардык талдоону камтыйт.

КР Улуттук банкы “Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы жөнүндө” КРнын Конституциялык мыйзамына жана “Кыргыз Республикасынын төлөм системасы жөнүндө” КР мыйзамын ылайык ишмердүүлүгүн жүргүзөт. Айтылган маалыматка ылайык, 2025- жылдын 23 -сентябрына карата жыл башынан бери төлөм системасынын операторлорунун жана төлөм уюмдарынын ишмердүүлүгүнө 13 инспектордук текшерүү жүргүзүлгөн. Анын ичинен 1 текшерүү атайын жөнгө салуу режиминин алкагында жана 1 текшерүү мамлекет ичиндеги төлөмдөр боюнча жүргүзүлгөн. Тышкы көзөмөлдүн жана инспектордук текшерүүлөрдүн жыйынтыгы боюнча төлөм системасынын операторлоруна жана төлөм уюмдарына 197 жазма буйрук жөнөтүлгөн. КР Мыйзамдарын жана ченемдик укуктук актыларын бузуу боюнча көзөмөл алдындагы уюмдарга 1 235 миң сомдук суммада 18 айып пул салынган. КР мыйзамдарын жана ченемдик -укуктук актыларын бузгандыгы үчүн 2 төлөм системасынын операторунун жана 2 төлөм уюмунун лицензиялары кайтарылып алынган.

2023 -2027 жылдарга Кыргыз Республикасынын накталай эмес төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшүн көбөйтүү боюнча мамлекеттик программа бекитилгени иш- чарада айтылды. Аталган программа КР МК жана КР Улуттук банкынын 2023 -жылдын 29 -декабрындагы №737/67 7 биргелешкен токтому менен бекитилген. Накталай эмсе төлөмдөрдүн жана эсептешүүлөрдүн үлүшү жылдан- жылга өсүп баруруда. Банкоматтардын жана POS- терминалдардын жана жарандар пайдаланышкан карталардын саны да өскөн. Учурда банкоматтардын жана POS- терминалдардын саны 48 035 көрсөткүчүн түзсө, төлөм карталарынын саны 10 миллиондон ашты.

Банктарды жана финансы- кредиттик уюмдарды жөнгө салуу жана көзөмөлдөө максатында 2025 -жылдын биринчи жарым жылдыгында коммерциялык банктарга 62 текшерүү жүргүзүлгөн, 24 эскертүү берилген, 86 буйрутма жөнөтүлгөн жана 17 айып пул салынган (жалпы 802 миң сом).

КР Улуттук банкы алдамчылыкка каршы чараларды көрүүдө. Ага карата алдамчылыкка каршы күрөшүүнүн негизги багыттары каралган. Алар: токтотуп туруу мезгили (шашылыш чечимдерден коргоо), антифрод системалар (банк коопсуздугун күчөтүү) , антифрод платформасы (маалымат алмашуунун бирдиктүү системасы) , кредит берүүгө өзүнө өзү тыюу салуу (өзүн өзү коргоо куралы).

Аймактардын деңгээлинде керектөөчүлөрдүн укуктарын коргоо боюнча КР Улуттук банкынын Ош облустук башкармалыгынын башчысынын орун басары Т.Стамбеков, КР Улуттук банкынын Жалал- Абад облустук башкармалыгынын башчысынын орун басары Х.Акимбеков жана КР Улуттук банкынын Баткен облустук башкармалыгынын башчысынын орун басары М.Курбанбеков айтып беришти. Семинардын жүрүшүндө суроо- жооптор орун алды.

**К.Кыдыралиева.**



Маселе

# ЭКОЛОГИЯГА БАЙЛАНЫШТУУ ЭКИ ЖАНЫБАР ЖӨНҮНДӨ

**Адамзаттын азыркы өнүгүү доорунда аалам масштабындагы экологиялык абал (глобалдык жылуулануу, климаттык өзгөрүүлөр, озон катмарынын бузулушу, токойлордун кыскарышы, мөңгүлөрдүн азайышы, чөлдөрдүн кеңейиши, айлана-чөйрөнүн “чирибес” (пластик) заттар менен булганышы ж.б.) социалдык (айрыкча медициналык) маселелерди гана жаратпастан, тиешелүү өлкөлөрдө экономикалык жана саясий курч кырдаалдарга алып келүүдө.**

Ошону менен катар ар бир өлкөнүн, аймактын өзүнө тиешелүү экологиялык маселелери бар жана алар жер-жерлерде ар кандай деңгээлдеги кедергилерин (кесепеттерин) көргөзүп келет.

Буга байланыштуу бул сапар эки жаныбарга тиешелүү маселени көтөргүм келди.

Биринчиси, ала канат чыйырчык (аты эле көп: ала канат, индиялык же афган чыйырчыгы, чегиртке чыйырчыгы, майна) жөнүндө. Бул канаттуу өткөн кылымдын 60-жылдары биздин аймактарда пайда болуп, азыр эң бир көп сандагы түргө айланды. Ошол кезде бул кушту айыл чарбасына пайдасы тиет деп алып келинген да дешет. Азыр муну “учуучу келемиш” деп атоого болот. Алардын пайдасынан зыяны көп болуп кетти: биринчиден, айыл чарбасына жана үй-тиричилигине (бышкан мөмө-жемиштерди жеп кетүү, үй азык заттарын жок кылуу же булгоо) алып келген чыгымы өтө чоң; экинчиден, жаратылыштын өзүнө алып келген зыяны жергиликтүү экосистеманы же тең салмактуулукту бузду. Мындай тажаан канаттуулар жакын арада башка канаттуулардын болушуна чыдашпайт, алардын уяларын бузуп, жумурткасын же балапанын жеп салышат. Азыр үйүр-үйүр болуп учкан таранчылар, дарак-бадалдарда сайраган майда сайроочу куштар, сууда чардаган бакалар (көнөкбаш кезинде жешет) жоголду.

Жаратылышты коргоо жана мергенчилик жаатындагы мамлекеттик органдар жана коомдук уюмдар бул канаттуунун санын кескин азайтуу боюнча чараларды көрүү экономикалык да, социалдык да, экологиялык да маанидеги кечиктирилгис ишчара деп эсептеймин. Карга жана сагызгандарды атуу иштерин угуп калам, негедир бул канаттуу андай ишке кошулбай келет. 2013-жылы Өзбекстанда бул кушка каршы



“согуш” жарыяланып, жакшы жыйынтык берген эмес. Ошондуктан майнага каршы бир жыл же бир сезон менен чектелбеген регулярдуу жана комплекстүү иш-чара зарыл.

Экинчи экологиялык маселе жылкы менен байланышкан. Статистикалык маалыматтар боюнча, 2023-жылы өлкөдө 542,5 миң баш катталган. Бул 2019-жылга салыштырганда 19,9 миңге көп экендиги жылкынын саны жылдан жылга өсүп жаткандыгын далилдейт. Мунун себеби мындайча: биринчиден, фермердик жана жеке чарбаларда породалуу жылкыларды кармоо жана аларды ар кандай максаттарда пайдалануу популярдуу болуп калды; экинчиден, жылкы этине суроо-талап кескин өстү (аш-тойлор жылкы этисиз өтпөй калды).

Жылкылар негизинен жай мезгилинде жайлоодо кармалса, күз, кыш жана жаз айларында айылга жакын талааларда, адырларда жана тоо этектеринде бош (эркин) абалда жайылат. Кеч күздө жана жазда кыураган чөп-куурайлар жумшарып калат жана жер борпоң болгондуктан тамыры менен кошо жылкыга азык болот. Суук эмес кышта деле ушундай абал. Ал эми эрте жазда көк чөп эми чыга баштаганда жерден көтөрбөй эле айпап салышат. Анын үстүнө ал мезгилде кыштан кийин же жазгы жаандан жумшарып турган жерлерди (капталдарды) майкандап, арык кылып оюп салышат. Туяктарынан чөп катмары, майда бадалдар жана топурак катмары жабыр тартып келет. Жергиликтүү биогеоценозго жегенинен да тепсегени чоң зыян: чөп катмарын тебелөө, топуракты таптоо, дарак-бадалдардын өсүндүлөрүн жок кылуу, топурактын эрозиясы, өсүмдүктөрдүн түрүнүн азайышы, суунун сиңүүсүн таталдатуу, курт-кумурскалардын жашоосун бузуу ж.б.

Мына ушуга байланыштуу, айрыкча, жаз айларында жылкыларды бош коюп кармоого тыюу салуу зарыл деп эсептейм. Анткени, адыр жана тоо этек ландшафттары чөпсүз такырга айланып, тилке-тилке болуп бөлүнүп, топурак катмары жоголуп жатат. Жергиликтүү бийлик органдары бул маселеге дыкат көңүл бурушат деген тилектебиз.

Аймактык жана глобалдык маанидеги экологиялык маселелер жер-жерлердеги “майда” маселелерден куралырын унутпайлы.

**А.Низамиев,**
**ОшМУнун Табият таануу, дене тарбия, туризм жана агрардык технологиялар институтунун директору, г.и.д., профессор.**

**Аскарали Абдибаев:**

# “МАКСАТЫБЫЗ - НООКАТ ШААРЫНДАГЫ КАЛКТЫН ЖАШОО ШАРТЫН ЖАКШЫРТУУ”



*Абдибаев Аскарали Рысбекович 1963- жылы Араван районунун Эски-Ноокат айылында туулган. Орто мектепти бүткөн соң, Кыргыз айыл чарба институтуна тапшырып, аны ийгиликтүү аяктаган жана зооинженер кесибине ээ болгон. Кийин КР Президентинин алдындагы Башкаруу академиясын бүтүргөн. Мамлекеттик башкаруунун магистри. Эмгек жолунда улуу зоотехник, башкы зоотехник, райондук айыл чарба башкармалыгынын башчысынын орун басары, Кара- Кулжа райондук комсомол комитетинин сектор башчысы болуп иштеген. 2000- 2004 жылдары ПРООНдун Кыргызстандагы “Жергиликтүү өз алдынча башкаруу” программасы боюнча аталган программанын Ош облусу боюнча улуттук волонтеру, 2004- 2005-жылдары аталган программанын Баткен облусундагы офисинде адис болгон. 2005- 2006 жылдары ПРООНдун Кыргызстандагы “Демократиялык башкаруу” программасынын Жалал -Абад облусу боюнча офисинде жергиликтүү башкаруунун адиси болгон. 2006- 2012-жылдары ПРООНдун жакырчылыкты азайтуу программасын ишке ашыруу боюнча Ош бөлүмүндө бизнестин потенциалын жана өнүгүшүн арттыруу боюнча координатору болгон. Кийин “Коомчулукту өнүктүрүү борбору” МЭУнун Ош облусу боюнча координатору, мамлекеттик жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу, коомчулукту мобилизациялоо боюнча көз карандысыз эксперти, Ош шаардык “Жылуулук камсыздоо” ишканасынын директорунун кеңешчиси болгон. Учурда Ноокат шаарынын мэри кызматында иштөөдө. Үй бүлөлүү, үч баланын атасы. Аскарали Рысбекович быйылкы жылдын тогуз айындагы жетишкендиктер тууралуу айтып берген.*

-Ноокат шаары Кыргыз Республикасынын 2003-жылдын 8-сентябрындагы №214 мыйзамынын негизинде райондук деңгээлдеги шаар статусун алган. Шаар аймагы төрт кварталдан турат: Таштак, Кара-Турпак, Бостон жана Барын, жалпысынан 52 көчөнү камтыйт. Шаарда социалдык жана коммуналдык инфратүзүм боюнча 23 мамлекеттик мекеме, 12 муниципалдык объект, 1 оорукана, 2 ФАП жана 3 жеке клиника, 22 дарыкана жана 1 УЗИ борбору, 3 автосервис станциясы, 55 коомдук тамактануучу жай (кафе жана ашкана) 1 ресторан жана борбордук базар калк үчүн иштөөдө.

Жергиликтүү бюджет боюнча айтсак, 2025-жылдын экинчи кварталына карата бекитилген бюджет 44 миллион 882 миң 700 сом болсо, факт жүзүндө аткарылганы 47 млн. 827 мин сомду түздү. План 103,2%га аткарылган.

Көрнөк-жарнактарды тартипке келтирүү жана мамлекеттик тилдин сакталышын камсыздоо иштери өз деңгээлине ишке ашырылды. Ноокат шаарынын аймагында шаар мейкиндиктерин ирээтке келтирүү жана мамлекеттик тилдин колдонулушун камсыздоо максатында көрнөк- жарнактар боюнча бир катар иштер аткарылды. Шаар аймагында жайгашкан эскилиги жеткен, мазмуну талапка жооп бербеген, уруксатсыз орнотулган көрнөк-жарнактар жана баннерлер боюнча мониторинг жүргүзүлүп, тиешелүү тизмелер түзүлдү.

Жыйынтыгында жалпысынан 45 даана жарнактар жана баннерлер демонтаждалып, коомдук жайлар, фасаддар жана көчөлөр ирээтке келтирилди. Мындан сырткары, “Мамлекеттик тил жөнүндө” мыйзамдын талаптарына ылайык, кыргыз тилинде жазылбаган, мыйзамга каршы келген 22 даана көрнөк-жарнак аныкталып, алар алынып салынды же кайрадан кыргыз тилинде жазылып, жаңыртылды. Жарнак ээлери менен түшүндүрүү иштери жүргүзүлүп, мамлекеттик тилдин колдонулушу тууралуу эскертүүлөр берилди.

Ноокат шаардык мэриясынын демилгеси менен шаар ичиндеги бир катар ички көчөлөрдү жана жолдорду жакшыртуу максатында шагыл төгүү жана тегиздөө иштери жүргүзүлдү. Жолдордун учурдагы абалына жүргүзүлгөн алдын ала текшерүүдөн кийин шаардын бир нече кварталындагы көчөлөрдүн жол жабуусу начар экени аныкталды. Коомдук мааниси бар көчөлөргө приоритет берилип, жөө жүргүнчүлөр жана унаалар көп каттаган тилкелерге жергиликтүү бюджеттин эсебинен 600 миң сомго шагыл төгүлдү. Аталган иштерге тиешелүү мекемелерден жана муниципалдык чарбалардан атайын техникалар жана жумушчу күч тартылды.

С. Алимбаев көчөсү толугу менен, эскилиги жеткен тротуарлар, лотоктор жана ирригациялык арыкчаларынын абалына байланыштуу жолду кеңейтүү максатында жана коопсуздукту камсыздоо үчүн ремонт иштери жүргүзүлүүдө. Иш-чаралар жаңыдан тротуардагы лотокторду орнотуу жана эскилерин алмаштырууну камтыйт. Бул иштерге аталган көчөнүн жашоочулары жана ишкерлеринин демилгеси менен алардын чогулткан жеке каражатынын эсебинен 3 000 000 сом жана жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2 000 000 сом каржы жумшалды. Ремонт иштери Ноокат шаарынын жол кыймылынын коопсуздугун жакшыртууга, тротуарларды колдонууга ыңгайлуу кылууга багытталган.



Ноокат шаарынын аймагындагы Алланазаров, Янтак көчөлөрүндө жергиликтүү бюджеттин эсебинен 2 млн. 600 миң сом, элдик салым 6 млн. сом болуп, асфальт төшөө иштери ийгиликтүү аякталды. Бул иштер шаарды көрктөндүрүү, калктын жашоо- шартын жакшыртуу жана жол инфратүзүмүн заманбап талаптарга ылайык өнүктүрүү багытында жүргүзүлдү. Мурда бул көчөлөрдө чаң көтөрүлүп, жаан-чачында баткак болуп, тургундардын жүрүшүнө жана автоунаалардын каттоосуна чоң тоскоолдуктар жаралып келген.

Асфальт төшөлүшүнүн натыйжасында жол кыймылы бир топ жеңилдеп, транспорттун үзгүлтүксүз жүрүүсү камсыз болду. Жолдун тегизделип асфальт басылышы айлана-чөйрөнүн санитардык абалын да жакшыртты. Ноокат шаарындагы 1-2 жана 3-көп кабаттуу үйлөрдүн айланасындагы короолорду жана жашоо үчүн каралган аянттарды ирээтке келтирүү максатында жергиликтүү инвестордун колдоосу менен 390 000 сомго лоток, тосмолор орнотулду жана жөө жүрүүчү тротуар асфальтталып, таштанды урналары жаңыланды. Бул иштер турак жайдын айланасындагы тартипти сактоо, коопсуздукту камсыз кылуу жана жашоочулар үчүн ыңгайлуу шарттарды түзүү багытында ишке ашырылды.

Ноокат шаарында архитектуралык бирдиктүүлүктү жана шаардын эстетикалык көрүнүшүн жакшыртуу максатында, мекеме- ишканалар, көп кабаттуу үйлөр жана башка имараттардын фасаддарын бирдей түстө (ач сары/сүттүк түс) боёо иштери жүргүзүлдү. Бул долбоорду архитектура боюнча тиешелүү ишканалар биргеликте уюштуруп, координациялап жатат.

Шаардын борбордук жана маанилүү бөлүктөрүндөгү имараттардын бирдей архитектуралык стилде көрүнүшү камсыз кылынды. Мекеме-ишканалардын жана жеке, көп кабаттуу үйлөрдүн фасаддары ирээтке келтирилип, шаардын жалпы образы өзгөрдү.

Ноокат шаарынын аймагындагы кызыл сызыкка чыккан объектилерди бузду- руу боюнча Ноокат шаарынын аймагында шаар куруу жана архитектура талаптарын сактоо, ошондой эле жер пайдалануу тартибин жөнгө салуу максатында Кыргыз Республикасынын Президентинин №109 жана №56 Жарлыктарынын алкагында ыкчам иш-аракеттер жүргүзүлдү. Атап айтканда, 2025-жылдын 9 ай ичинде текшерүү иштери жүргүзүлүп, Мирмахмудов, С.Алимбаев, Ленин, Т. Умиров жана Абдумаликов көчөлөрүндө мыйзамсыз түрдө “кызыл сызыкка” (шаар курууда белгиленген коопсуз аралык) чыгып кеткен курулуштар аныкталып, бузулуруду.

Ноокат шаарындагы “I love you Nookat” аллеясынын аймагын жашылдандыруу жана көрктөндүрүү иштери 490 000 сомго аткарылды. Ноокат шаар мэриясы тарабынан жарыктандыруу иштерине карата профилактикалык иштер жүргүзүлдү. Жергиликтүү бюджеттен 600 миң сом ажыратылган.

Нокат шаарындагы билим берүү мекемелерине жалпысы болуп 4 680 000 сом акча каражаты ажыратылып, утурумдук оңдоп түзөөдөн өткөрүлдү. Самиев атындагы орто мектебинин чатыры эскилиги жеткендигине байланыштуу жергиликтүү бюджеттен 685 миң сом каражат бөлүнү п, жергиликтүү инвестиция 460 миң сом болуп, жаңыдан оңдоодон өткөрүлдү.

Техникалык базаны чыңдоо максатында Ноокат шаар мэриясы тарабынан жаңы атайын техника сатып алынды (манипулятор). Техника Ноокат шаарында жол тыгындын алдын алуу боюнча иш жүргүзөт. Областтык өнүктүрүү фондунан 4 млн. 485 миң сомго сатып алынган. Атайын техникаларды сатып алуу боюнча тендер өткөрүлдү. Тендердин жыйынтыгы боюнча Аламүдүн-Энерго компаниясы жеңүүчү болуп табылган. Аталган компания менен 189300 еврого келишим түзүлгөн. 2024 жылдын 2-апрелинде атайын техника, алардын ичинде (экскаватор -1 даана, асмашина -1 дааана, миниэкскаватор -1 даана, генератор, асфальткесүүчү, ширетүүчү аппарат жана суу насосу) Ноокат шаарына алып келинди.

Ичүүчү суу системаларын жакшыртуу жана суу эсептегичтерди орнотуу боюнча тендер өткөрүлүп, эң төмөн баа койгон “Профит-Экспресс” компаниясы жеңүүчү болуп табылган. Аткарыла турган жумуштардын жалпы узундугу 49,5 км. суу түтүктөрүн куруу. 2025-жылдын 19-август күнүнө карата 49,5 метр суу түтүктөрү төшөлүп, долбоордо аткарылган жумуштун көлөмү 100% болду. “Коен” суу кампасынын башкы алыштагы курулмалары боюнча тендер өткөрүлүп, эң төмөн баа койгон Импульс-Ош компаниясы жеңүүчү болуп табылган. Аткарылуучу жумуштун жалпы суммасы 313 011 Евро. Бүгүнкү күнгө карата насостук станциянын тосмолору жана суу кампанын ичинде “хлораторная” курулуп бүттү. Насостук станциясынын тосмолору жасалды жана насостук станцияга трансформатор орнотулду. Скважина казылды. Бир резервуардын ичи жууп, тазаланып, гидроизоляция жасалды, резервуардын көлөмү 1000 м3.

Ноокат шаарынын аймагында мыйзамсыз, өз билемдик менен көчө соодасын жүргүзгөн тараптарга, шаар аймагындагы белгиленбеген жерлерге таштанды таштаган жарандарга карата күн сайын рейддер уюштурулуп, түшүндүрүү ишери жүргүзүлдү жана мындан ары да улантылат. Ноокат шаарын өнүктүрүү, калктын жашоо шарттарын жакшыртуу багытындагы аракеттер астейдил жүргүзүлө бермекчи.

Белгилей кетсек, 1- октябрь -Эл аралык улгайгандар күнүнө карата шаардагы улгайган инсандарды чакырып, калоо -тилектерибизди айтып, белектерди тапшырдык. Аларга концерт тартууланды.

**Бурма Ысакова.**

# АКМАТ АГАРТУУЧУ СПОРТТОН ТААНЫЛГАН

Саматов Акмат Кара-Кулжа районунда гана эмес республикага белгилүү спортчу болгон. Ал жаштайынан Кара-Кулжа мектебинде билим алуу менен ошол учурдагы волейбол, баскетбол оюндарына абдан кызыгып окуучулар арасындагы мелдештерде байгелүү орундарды камсыз кылуу аркылуу окуучулар арасында бүт районго таанылган. Жаштайынан спортко шыктуу Акмат 1972-жылы Кара-Кулжа орто мектебин ийгиликтүү аяктайт. Анын райондун тандалма командасында ойногон спортчулары менен 1972-жылы волейбол, баскетбол боюнча өткөрүлгөн облустук мелдеште Акмат спортчу катышкан команда баскетбол оюну боюнча биринчи орунду, ал эми волейбол оюнунда экинчи орунду камсыздап районго жеңиштерди касыздашкан. Жаш өспүрүм Акмат мектепте жүргөндөгү ушундай ийгиликтерине таянып орто мектепти бүтөөрү менен андагы Фрунзе шаарындагы дене тарбия институтунун даярдоо курсуна угуучу катары кабыл алынат. Окуусун баштаган кезден эле институттагы белгилүү машыктыруучу А.С.Полтарацкийдин көз кырына таасир берип окуу жайдын тандалма командасында машыга баштайт. Ал окуу жайды аяктаганга чейин ошондогу Фрунзе шаарындагы оюндарда





биринчиликти камсыз кылуу менен институттун волейбол, баскетбол оюндары боюнча намысын бекем коргошкон. Ушундан улам Кыргызстандын ошондогу белгилүү спортчулары менен бирге Казакстан, Өзбекстан, Тажикстан жана Россия командалары менен болгон эл аралык оюндарда спорттогу мыкты оюнчу катары жогоруда аталган спорттун түрлөрүндө өзүн даңазалап көрсөтө алган. Акмат абаны спорттун даңазалуу атак даңкы ушул учурга чейин коштоп жүрөт. Анын жаш курагынан тарта Кыргызстандын тандалма командасынын машыктыруучусу А.В.Полтарацкийдин колунда тарбияланган учуру спортчунун өмүрүндөгү гүлдөп турган мезгили эле. 1977-жылга чейин Кыргызстандын волейбол боюнча тандалма командасында ойноп эл аралык мелдештерде көптөгөн чоң ийгиликтерди эл аралык өлчөмдө багындыра алгандыгы менен барааны мазмундуу салмакталган.

Акмат аба институтту ийгиликтүү аяктаары менен 1977-жылдары өзү билим алып тарбияланган Кара-Кулжа орто мектебинде дене тарбия мугалими болуп, эмгек чыйырын ийгиликтүү баштаган. Ошол учурдан тарта мектеп турмушуна белсенип киришүү менен жаш муундарга дене тарбия мугалими катары спорт багытында кандай татаал сырларындын жаткандыгын, спорттогу чоң-чоң ийгиликтерге жетүү үчүн жакшы билимдүү, мыкты дене тарбиялуу болуу абзел экендигин окуучуларга таасирдүү жеткирүү үчүн эмгек жолун баштагандан эле аракети мол болгон. Ушундай түйшүктүү эмгектин таасиринде өзү иштеген мектептин окуучуларынын арасынан шыктуу, шамдагай волейбол оюнчуларын өспүрүмдөр арасынан тарбиялап чыгарган. Анын тарбиялаган окуучулары Кыргыз волейбол оюндарындагы мелдештерде тандалма командалардын курамында чеберчиликтүү оюндарды көрсөтө алгандыгы менен райондо гана эмес эл аралык мелдештерде да машыктыруучу мугалим катары Саматов Акматтын кадыр дөөлөтүн дайыма эл арасында бийиктетип тургандыгы жалпы журтчулука маалым. Ал мектепте дене тарбия мугалими болуп иштеп жүргөндө райондун мектептеринин арасында спорттун волейбол, баскетбол, шахмат, стол үстүндөгү теннис оюндары боюнча өткөрүлүүчү мелдештерде райондун борборундагы негизги мектептин спорт мугалими катары өткөрүлгөн мелдештерде уюштуруучулук иштерди да кошо алып бара турган. Ошондон улам райондун мектептеринен командасын жетектеп келген дене тарбия мугалимдери да Акмат агайдын кеп кеңешин угуу менен мелдештерди такай ийгиликтүү өткөрө турган. Ошондогу жаш муундардын арасынан Акмат Саматовдун волейбол боюнча оюндарына суктануу менен карагандары волейбол оюнуна таасирлүү мамиле кылуу менен кийин аталган спорттун түрү боюнча спорттун чебери да болушту.

Райондогу белгилүү дене тарбия тармагынын тарбиячы адиси катары Саматов Акмат 1986-1990-жылдары райондогу Ленин азыркы Эргеш Осмонов атындагы мектебине директордун тарбиялык иштери боюнча орун басары кызматына дайындалат. Кандай иш болбосун барган жеринде маңызын чыгара эмгектенгенди жаштайынан болжоо туткан Акмат агартуучу спорт чебери жаңы кызмат ордунда да ички туйумундагы болжогон максаттарын мектептин тарбиялык иштеринде жаңычылдык менен алып барууга билгичтик менен киришет. Мектепте спорт дене тарбия багытында көптөгөн иш чараларды, оюн-зоок кечелерди, жолугушууларды жана спорттук мелдештерди үзгүлтүксүз өткөрүүнүн таасиринде мектеп коллективинин арасында урмат сыйга ээ болот. Анын мындай таасирдүү иш аракеттери үлгүлүү тажрыйба катары райондун башка мектептерине да жайылтууга алынган. Анын мындай аракеттери райондун жетекчилигинин көз алдына алынып Акмат агайды 1990-жылы Кара-Кулжа райондук дене тарбия жана спорт комитетинин төрагасы кызматына дайындашат. Ал жаңы кызмат оордунда 1996-жылга чейин үзүрлүү эмгектенген.







Бул мезгилдерде районун башкы дене тарбия жана спорт тармагынын жетекчиси катары райондун мекеме уюмдарынын, айыл өкмөт төрүнүн, айылдык кеңештердин райондо өткөрүлгөн улуттук оюндардын атап алганда ордо, бука тартыш, аркан тартыш, тогуз коргоол, шахмат, стол үстүндөгү теннис, жеңил отилетика спорттун түрлөрүнүн мелдештерин байма-бай өткөрүп турууга жетишкен. Ал убактагы экономикалык-каржылык тартыштыктын таасирине алакан жайып олтура бербей райондон чыккан акчалуу бизнес чөйрөсүндөгү атуулдары менен бирге сүйлөшүүлөрдү жүргүзүп аларды иш-чараларды өткөрүүгө каражат жагынан демөөрчү болууга тарта билген. Анын жетекчилиги учурунда эл арасында спорттук иш-чаралар дайыма белгилүү даталарда жогорку уюштуруучулукта өткөрүлүп турган.

Ал райондо, областта, республикада кандай гана деңгээлдеги мелдештерге райондогу спортчулардын алдыңкыларын тандоо менен алдын ала машыктыруудан өткөргөн соң мелдештерге салат эле. Ушундай билгичтик талыкпаган эмгектин артынан райондун спортчулары областтын биринчилиги үчүн республикалык мелдештерге областтын атынан катышып байгелүү оорундарды камсыз кылып турушкан. 1995-жылы областтын атынан катышкан Кара-Кулжа районунун көк бөрү боюнча командасы биринчи оорунду ээлеген. Мындай ийгиликтер Манастын миң жылдыгында да камсыздалып Кыргыз өкмөтүнүн соорундуу байгесине ээ болууга Кара-Кулжа районунан барган командалар татыктуу болгон. Саматов Акмат райондо спорт комитетин жетектеп турган мезгилде райондук, облустук бийликтин ардак грамоталарына спорт тармагындагы жетишкен уюштуруучулук иштери үчүн татыктуу болгон. Ал мындан сырткары 1982-жылы волейбол оюну боюнча өткөрүлгөн Кыргыз Республикасынын чемпионатынын жеңүүчүсү, ошол эле жылы төрт жылда бир өтүүчү республикалык эл аралык мелдешке Кыргызстандын тандалма командасынын атынан Саматов Акмат жетектеген Кара-Кулжа районунун спортчулары катышып 15 союздук республикалардын Москва шаарында өткөрүлгөн мелдеште 17 команданын ичинен 8-орунду камсыздашкан. Учурда Саматов Акмат 70 жашка толуп Кыргыздын волейбол оюну боюнча тандалма спорт ардагерлеринин сап башында турат. Ал СССРдин спорт чеберине кандидат. Эң мыкты спорт уюштуруучусу. Бир катар жылдар бою Кыргыз ССРнин волейбол боюнча курама командасынын мүчөсү болгон. Союздук маанидеги чемпионаттарга, спартакиадаларга катышкан. Кыргызстанда волейбол оюнунун бир канча жолку жеңүүчүсү катары спорт ардагерлеринин катарында кадыр-баркы жогорку деңгээлде. Ал өмүрлүк жолдошу Кыздаркан чоң эне менен бирдикте уул-кыздарды татыктуу тарбиялап, турмуш жолуна аттанткан. Азыркы убакта да спорт менен жашап 70 жаштын туу чокусунда да спортту жогорку катарга коюп, карылыктын күнүмдүк жашоосунда өмүр кечирип турган чагы.

**М. Осмонов,**
**Кара-Кулжа району.**

# Архив кызматынын кыргыз тилдин өнүгүүсүнө кошкон салымы

**Санариптик өнүктүрүү жана инновациялык технологиялар министрлигине караштуу Архив кызматынын Ош шаардык мамлекеттик архиви кыргыз тилин өркүндөтүүгө зор салым кошуп келе жатат. Бул багытта "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик тили жөнүндө" Мыйзамынын кабыл алынгандыгынын 36 жылдыгына карата жарыяланган үч айлыктын алкагында бир катар иш-чаралар уюштурулду.**







Тил майрамы өзгөчө шаң менен өтүп, эне тилди даңазалаган ырлар жагымдуу маанай тартуулады. Ошондой эле кыргыз тилин сактап калуу жана аны өркүндөтүү боюнча жүйөөлүү пикирлер айтылды. Ош шаардык мамлекеттик архивинин жетекчиси Жаныбек Баатыров, жарандар менен иш алып барууда архивдик маалыматтар, электрондук документ жүргүзүү кыргыз тилинде жүргүзүлүп жаткандыгын айтып, мамлекеттик тилдин архив кызматындагы санариптештирүүдөгү ордун жана улуттар аралык мамиледеги маани-маңызын белгиледи.

Эске салсак, 1989-жылы 23-сентябрда Кыргыз ССРинин Жогорку Совети "Кыргыз ССРнин мамлекеттик тили жөнүндө" мыйзамын кабыл алган жана кыргыз тилине Мамлекеттик тил макамы берилген. Бул мыйзам 2004-жылы Жогорку Кеңештин Мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан жаңыланып, анда кыргыз тили - мамлекеттик тил, ал эми орус тили - расмий тил деп жарыяланган.

Мына, ошол күндөн бери, 23-сентябрь - кыргыз тил майрамы катары белгиленип келатат. Улуу инсан, тилчи окумуштуу, улуттук түңгүч лексикограф Хусейин Карасаев "Тил адам рухунун түпкү теги, суу ичкен башаты. Ал бүтүндөй элдин тарыхын, кыбыр эткен кыймылын ушунчалык сарамжалдуулук менен сактап, улам кийинки муунга өткөрүп берип турат" деп айткан.

Кыргыз тили-кыргыз элинин жүрөгү, өзөгү. Мамлекеттүүлүгүбүздүн белгиси, элибиздин ынтымагынын, биримдигинин уюткусу, көөнөрбөс руханий казынабыз. Акын Насирдин Байтемировдун "Кыргызга жанын берсе да, Кыргызым тилин берген жок" деген ыр саптары аркылуу тилибиздин улуктугу, ыйыктыгы таамай берилген.

**Патма ТОЛУБАЕВА,**
**Ош шаардык мамлекеттик архивинин документтерди пайдалануу жана жарыялоо бөлүмүнүн башчысы.**

**Маек**

**УКМКнын ардагери, отставкадагы полковник Марксбек ТЕМИРАЛИЕВ:**

# "Кекилик-Учар бейити" өткөн заманды эске салып турат"

**(башталышы №25 санда)**

Архивдик материалдар жөнүндө сурадыңыз. Эстелик жайдын ачылыш аземинде сүйлөгөн сөзүндө Камчыбек Ташиев: «Эч кандай архивдик материалдар табылган жок. Ушул жерде жүздөгөн, мүмкүн миңдеген жалган жалаалар менен түрмөдө отуруп, кордук, зордук-зомбулук менен өлтүрүлгөн аталарыбызга белги коюп койдук, арбактары тынч болсун» – деп айтты. Демек, Куршабдагы абакта канча адам камалып запкы көргөн, канчасы кайра үйлөрүнө чыгып барган, канчасы дайынсыз болуп жок болушканын азыр эч ким так айталбайт. Арадан 80-90 жыл өтүп кетти. Түрмөгө камалгандар жок болду, алардын балдары дагы жокко эсе. Неберелери жана алар курду туугандары билип калган айрым малыматтар гана эл арасында айтылууда. Кыргызстандын архивдеринен, Москвадан дагы маалыматтар табылган жок.

**-"Кекилик-Учар бейити" тургузулгандан кийин, куран окуп кетип жаткандар көп болуп жатыптыр. Жакында эле мен барып келдим. Менин чоң атам Айдар да балким ушул жерде көмүлгөндүр деген ойдо...**

-Жергиликтүү тургундардын айтуусунда бул жайга мурда дагы ар кайсы жактан адамдар келип, Куршабдын түрмөсүндө камалып үй-бүлөсүнө кайтып келбей калган жакындарына куран окуп, эскерип кетишчү экен. "Кекилик-Учар бейити" ачылгандан кийин андай адамдардын саны көбөйүптүр. Быйыл үй-бүлөм, балдарым, неберелерим, Бишкектеги кудаларым менен Ош жергесинде эс алып жүрүп, 7-майда Мемориалдык комплекске бардык. Ал жерде Базарбай Жаныбеков аттуу жергиликтүү аксакал, жубайы, эки карындашы менен жүрүптүр. Улкан Жаныбекова деген карындашы

Москвада, экинчи карындашы Роза Ош шаарында турушат экен. Атайын зыярат кылып куран окуп кеткени келиштиптир. Улкандын кайнатасы дагы Куршабдагы түрмөгө камалып, кийин бошонуп чыккан



экен.

**-Чоң-Таштагы "Ата-Бейит" улуттук тарыхый мемориалдык комплексинде сөөктөрү табылып кайра көмүлгөн 137 адамды саясий репрессиянын курмандыктары деп айтышат. Ал эми Куршабдын түрмөсүндө өлгөн, Кекилик-Учар дөбөсүндө массалык түрдө көмүлгөн адамдарды саясий репрессиянын курмандыктары деп атасак болобу?**

- Анализ жасап көрсөк, бул түрмөдө өтө оор кылмыш жасабаган, көбүнчө жалган жалаа менен камалган адамдар болуптур деп божомолдоо кылсак болот. Бир-эки мисал келтирип кетейин. Жогорудагы айтылган Жаныбекова Улкандын кайнатасы Жусупбеков Султан, 1924-жылы мурдагы Совет, азыркы Кара-Кулжа, районунун Карл-Маркс колхозуна караштуу Жылкол айылында төрөлгөн. 7-классты бүткөндөн кийин 1943-жылы Улуу Ата Мекендик согушка барып, бир көзүнөн айрылып үйүнө кайтып келет. Келгенден кийин дүкөнчү, мугалим болуп иштеп турганда сельсоветтин төрайымы менен пикир келишпестиктен улам урушуп кетишет. Ушул себептен Куршабдын түрмөсүнө камалат. Өзү абдан билимдүү адам болгондуктан, согушта эрдик көрсөтүп алган медалдарын көрсөтүп, жогору жакка арыз жазып бошонуп чыгыптыр. Согушта алган жаракаттарынан улам 1994-жылы каза болуптур.

"Алга" айылынын жашоочусу Насиев Эрмамат аксакалдын айтуусу боюнча авасы, атасынын улуу агасы, Мырзакулов Сыдык, эл арасында Молдо Сыдык деп айтышчу экен, анткени Самарканддан дин багытында окуп келген. Ал да ушул түрмөгө бир нече жолу камалып чыгыптыр. Күрүч айдап, аны Кытайга алып барып сатып, ал жактан ар кандай буюмдарды алып келип соода-сатык менен алек болчу экен. Кытайга эркин эле каттап турган, колунда бар адам болгон. Куршабдын түрмөсүнө 1930-1932-жылдары 3 жолу камалып, мүлкү конфискация болуптур. Бир күнү түрмөдө кызмат кылган айылдашы Молдо Сыдыкка: "Бул жерден тез арада качып кетпесең сен дагы камаласың, сени камалсын деген кагаз келди", – деп эскертет. Аялы Базаркул, 12 жаштагы баласы Раимжан болуп 1932-жылдын сентябрь айында Кашкардан келген соодагерлер менен түн жамынып Гүлчөнүн ары жагынан Кытайга өтүп кетишиптир. Ал жерде бир айга жакын жашап, андан ары Афганистанга өтүп жашап калышат. Эрмамат аксакал 4-класста окуп жүргөндө Афганистандан Сыдык авасынан, "аман-эсен турабыз" – деген кат келиптир. Кезинде бийликтен коркуп, эч ким кайра жооп жазбай, алар менен байланыш болбой калган дейт.

Ушундай фактыларга таянсак, "Кекилик-Учар бейитиндеги" сөөктөрү көмүлгөн адамдарды бир беткей саясий репрессиянын курмандыктары деп айтуудан алыс, этият болушубуз керек. "Эмне үчүн?" – деген суроо пайда болушу мүмкүн. Биринчиден, "Ата-Бейит" сыяктуу далилденген архивдик материалдар табылган жок. Канча адам, кандай күнөөлөр менен камалган, качан өлгөн деп айта албайбыз. Экинчиден, коллективдештирүү (колхоз, совхоздорду куруу), колунда бар бай-манаптарды кулакка тартуу процесстерин турмушка ашырабыз, айыл жерлеринде Совет бийлигин чыңдайбыз деген ураан менен жергиликтүү бийлик органдары элди күчкө салып, зордук-зомбулук көрсөтүп турган заман болчу. Үчүнчүдөн, ошол мезгилдеги коомубуздагы түзүлгөн кырдаалды эске алсак, адамдар болоор-болбос майдачүйдө нерселер менен пендечилик кылып бири-бирине, айылдашына, кесиптешине жамандык кылып, жалаа жаап турушкан.

Демек, мына ушундай абалда Куршабдагы түрмөдө камалып жаткан адамдар көп болгон. Аларга кандай күнөөлөр тагылганын азыр айтуу кыйын. Бир эле адамды камап, чыгарып, кайра камап турган фактылар болгон. Түрмөнүн көмөкчү чарбасы болгон, өздөрүн-өздөрү баксын деп абактагыларды чарбалык иштерге колдонуп турушкан. Ушул жагдайларды эске алсак Куршабдагы колонияда жаткандарды саясий туткундагылар, репрессиянын курмандыктары деп айтуу кыйын.

**- "Ата-Бейиттеги" табылган адамдар кадимкидей эле атып өлтүрүлгөндөр, а бул жерде кандай болду экен? Иликтөөңөр натыйжа бердиби?**

- Иликтөө учурунда белгилүү болгондой Куршабдын түрмөсүндө камалган адамдардын айрымдары үйлөрүнө чыгып барса, кээ бири оорудан, оор жумуштарды аткарып жүрүп кыйналганынан ошол жерде каза болсо, айрымдары айып тагылып атылып өлтүрүлгөн. Бул тууралуу так маалымат жок, архивдик материалдар азырынча табылган жок.

Дагы бир версия боюнча камоодогуларды цианид менен ууландырып, өлүктөрдү түн ичинде ташып көмүшкөн. Бул версия Койчуман Мокешов аксакалдын сөздөрүнөн келип чыгат. Анын айтуусунда: 1968-жылы ЮКОСко жаңыдан дайындалып иштей баштаганда чарбанын кеңсеси Эски-Покровка айылында, дал биз сөз кылып аткан мурдагы түрмөнүн имаратында жайгашыптыр. Өзүнүн иш бөлмөсү түрмөнүн начальнигинин бөлмөсү экен.

**(уландысы кийинки санда)**

**Маектешкен: Керим АЙДАРОВ,**
**«Кыргыз Туусу» (№ 60, 15.08.25-ж.)**

# Мугалим-коомдун сыймыгы жана күзгүсү





*Оштогу Б. Сыдыков атындагы Кыргыз-Өзбек Эл аралык университетинин маданий-эстетикалык борборунда “Мугалим — коомдун сыймыгы жана күзгүсү” аттуу майрамдык иш-чара уюштурулду. Анда Президенттин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары Талантбек Арстанкулов, университеттин ректору, э.и.д., профессор Абдилбает Мамасыдыков мугалимдерди кесиптик майрамы менен куттукташты.*

Майрамдык салтанаттын жүрүшүндө жылдын мыкты мугалимдери ар түрдүү номинациялар боюнча аныкталып, баалуу сыйлыктар менен сыйланышты.

Ош облустук Р.Абыдкадыров атындагы филармониясы майрамдык концерт тартуулап, маанай жаркытты.

Жыйын учурунда мугалимдердин коомдогу ролу, билим берүү тармагын өнүктүрүүдөгү эмгеги жана жаш муундарды тарбиялоодогу орду белгиленди. Чыгармачыл мугалимдер менен тарбиячылардын жетишкендиктери көрсөтүлүп, эмгек сиңирген педагогдорго, “Жылдын мыкты мугалими - 2025”, “Жылдын мыкты тарбиячысы - 2025” республикалык сынагында байгелүү 1-2-3-орунду багындырып келген жана республикалык этапка чейин барып, өзүнүн чыгармачылыгын жигердүү көрсөтүп келген мыкты мугалимдерге ыраазычылык айтылды. Мыкты педагогдордун коомдогу орду даңазаланып, аларга карата терең урмат-сый көрсөтүлдү.

**А.САПАРБАЕВА.**

## "Ош жаңырыгы" газетасынын кызмат көрсөтүү боюнча белгиленген баалары

"БЕКИТЕМИН"
«Ош жаңырыгы» газетасынын
Башкы редактору
А.К.Каракозуев
«13» январь 2025-ж.

**Прайс-баракча**

«Ош жаңырыгы» коомдук-саясий гезити тарабынан кызмат көрсөтүү боюнча 2025-жылдын 13-январынан баштап белгиленген баалары

**Юридикалык жана жеке жактар үчүн**

| № | Жарыялануучу материалдар | Тариф (сом) | Эскертүүлөр |
|---|---|---|---|
| 1. | **Модулдук жарнама** | **чарчы см. 12 сом** | |
| 2. | **Кулактандыруулар үчүн** (мөөр, документ ж.б. жоголгондугу тууралуу)<br>Жеке адамдар<br>Ишкана-мекемелер | <br><br>**500-600 сом**<br>**700-800 сом** | |
| 3. | **Кулактандыруулар үчүн** (үй, батир, жер тилкелери, сатуу, аукцион, тендер, сынак ж.б.)<br>Жеке адамдар жана ишкана-мекемелер | **1000-1200 сом**<br>**1 кв. см. 12 сом.** | |
| 4. | **Куттуктоолор үчүн**<br>Жеке адамдар (сүрөтү жок)<br>(сүрөтү менен)<br>Ишкана мекемелер үчүн (сүрөтү жок)<br>(сүрөтү менен) | <br>**500 сом**<br>**600 сом**<br>600 сом<br>**800 сом** | |
| 5. | **Көңүл айтуу үчүн**<br>Жеке адамдар<br>Ишкана-мекемелер | <br>**300-400 сом**<br>**400-600 сом** | |
| 6. | **Гезитке жазылуу баасы:**<br>6 айга<br>1 жылга | <br>**600 сом**<br>**1200 сом** | |

**Коммерциялык беттер: түстүү беттер – 1 чарчы см. – 14 сом.**
**түссүз беттер – 1 чарчы см. – 12 сом.**

**Эскертүү: Коммерциялык беттерди даярдоодо жана кызматташууда, ошондой эле материал бир нече жолу жарыяланса, тараптар тарабынан арзандатуулар болот.**

**Башкы бухгалтер:** **Г.Тоотаева**

## Жарыялар

### Аукцион

Кара-Суу шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаменти Кара-Суу шаарынын Юбилейный кичи шаарчасындагы мончонун жанында жайгашкан 25,0 кв м. жер аянтын, М. Рахимов көчөсүндөгү 252,0 кв. м. жер аянтын, М. Рахимов көчөсүндө жайгашкан 179,0 кв. м. жер аянтын, Ленин жана Б. Сыдыков көчөсү менен кесилишкен жериндеги “Элиф” сулуулук салонунун жанында жайгашкан 198, 0 кв. м.жер аянтын, Бакиев көчөсүндөгү Кара-Суу райондук Архитектура башкармалыгынын жанындагы 79, 35 кв. м.жер аянтын, Ж.Бөкөнбаев эс алуу багында жайгашкан сел өтүүчү каналдын жанындагы участогу 2682, 0 кв. м. болгон жер аянттарын ижарага берүү үчүн аукцион өткөрөт.

Жер тилкесин ижара шартында убактылуу пайдаланууга аукцион өткөрүү жолу менен берүү үчүн коюлуучу ЛОТТОР:

| № | Жердин дареги | Максаты | Аянты чарчы метр | Старт. Баа 1(бир) айга сом | Старт. Баа 2(эки) жылга сом |
|---|---|---|---|---|---|
| 1 | Кара-Суу шаары Юбилейный кичи шаарчасындагы мончонун жанында жайгашкан жер аянты | Ижара шартында убактылуу | 25,0 кв.м | 6000 с | 144 000 с |
| 2 | Кара-Суу шаары<br>М. Рахимов көчөсүндө жайгашкан жер аянты | Ижара шартында убактылуу | 252,0 кв.м | 16 500 с | 396 000 с |
| 3 | Кара-Суу шаары<br>М. Рахимов көчөсүндө жайгашкан жер аянты | Ижара шартында убактылуу | 179,0 кв.м | 15 000 с | 360 000 с |
| 4 | Кара-Суу шаары Ленин жана Б. Сыдыков көчөсү менен кесилишкен “Элиф” сулуулук салонунун жанында жайгашкан жер аянты | Ижара шартында убактылуу | 198,0 кв.м | 175 000 с | 420 000 с |
| 5 | Кара-Суу шаары Бакиев көчөсүндөгү Кара-Суу райондук Архитектура башкармалыгынын жанындагы жер аянты | Ижара шартында убактылуу | 79,35 кв. м | 13 500 с | 324 000 с |
| 6 | Кара-Суу шаары Ж. Бөкөнбаев эс алуу багында жайгашкан сел өтүүчү каналдын жанындагы жер аянты | Ижара шартында убактылуу | 2682, 0 кв. м | 32 000 с | 768 000 с |

Аукцион 2025-жылдын 2-ноябрь күнү саат 14:30дө төмөндөгү даректе өткөрүлөт: Кара-Суу шаары, Кушбаков көчөсү №2, Кара-Суу шаар мэриясындагы жыйындар залы.

Аукционго катышуучулар Кара-Суу шаар мэриясынын алдындагы муниципалдык менчикти башкаруу департаментине (ММБД) 2025-жылдын 22-октябрь күнү саат 16:00гө чейин төмөнкү документтерди тапшыруулары зарыл:

1.Физикалык жактар үчүн - паспорт.

2.Юридикалык жактар үчүн нотариалдык же каттоо жүргүзүүчү, каттоо органы тарабынан тастыкталган түзүүчү (учредительный) документтердин нускасы (чет элдик эмес иш кананын статусун тастыктаган), уюмдун өкүлүнө – аукционго катышуу үчүн белгиленген формадагы ишеним кат жана паспорт.

3.Башталгыч баадан 10% өлчөмүндө кепилдик взнос жана коюлган лоттун башталгыч баасын 0,5% өлчөмүндө комиссиондук жыйым төлөнгөндүгүн тастыктаган документтер. Төлөм кабыл алуучу – Кара-Суу шаары, ОАО РСК Банк, Кара- Суу райондук Р-с 4407042200001884, ОКПО 440704. ИНН 00206200610043. БИК 440001.

4. Аукционго катышуу тууралуу бекитилген формадагы арыз, лоттун номерин көрсөтүү менен;белгилей кетүүчү нерсе, Кара-Суу шаардык мэриясы аталган обьектти (лот) конкурска белгиленген күнгө үч күн калганда аукционду алып салууга укуктуу.

Көңүл буруңуздар! Аукционго баардык юридикалык жана физикалык жактар, алардын ичинде аукцион өткөрүүгө 22-октябрга чейин конкурска катышуу туурасында арыз берген жактар гана катыша алат.

Аукционго катышууну каалагандар өздөрүнүн өкүлдөрү (ишенген жактары) аркылуу аракеттенүүлөрү мүмкүн.

Аукционго катышуучулар кошумча маалымат алуу үчүн: 5-20-75 телефондору же Кара-Суу шаары, Кушбаков көчөсү №2, Кара-Суушаарынын мэриясына кайрылса болот.

### Жараксыз деп табылсын

2001-жылы ОшМУнун медицина факультетин дарылоо иши адистиги боюнча бүтүргөн Садирова Роза Заидиновнага таандык № ДВ 00270 сандуу дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

***

Абдурахманова Маргуба Даутовнага таандык ОшМУнун физика-математика факультетин 2008-жылы бүтүргөндүгү тууралуу берилген № СД 080243125 сандуу каттоо № 3737 болгон дипломдун түп нускасы жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

***

2001-жылы ОшМУ тарабынан Алиева Тазагүл Токтоматовнага берилген каттоо № 1537 болгон ДВ № 08283 сандуу дипломдун эки барак тиркемеси жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

***

Маматов Учкун Түмөнмаматовичке таандык Ош шаардык салык кызматы тарабынан 06.05. 2010- жылы берилген ишкердүүлүк күбөлүгү ( ИНН 22708198000115) жоголгондугуна байланыштуу жараксыз деп табылсын.

### Акционерлер чогулушу

“Карасусельхозтехника” ААК акционерлердин кайрадан кезексиз жалпы чогулушун өткөрө тургандыгын маалымдайт. Чогулуш 2025-жылдын 25-октябрында саат 11-00дө болот.

Күн тартиби:

1. Эсептөө комиссиясынын курамын шайлоо
2. Кара-Суу районунун прокурорунун доо арызын талкуулоо жөнүндө: жана чечимин кабыл алуу.

***

Ош облусунун Өзгөн районуна караштуу Шагым айылында жайгашкан “Баязед ойл” ЖЧК нун атындагы “Шагым” май куюучу жайы сатылат. Байланыш номери: 0-556-15-51-85. (Баасы 500 000 сом).

### Аукцион өткөрүлөт

Кара –Суу районунун Мады айыл өкмөтүнүн балансында турган техникалар аукцион аркылуу жокко чыгарылат.

Техникалардын тизмеси:

- ВАЗ 21074 - 2003-жылы чыгарылган, баштапкы баасы 30900 сом;
- ГАЗ САЗ 3507 - 2003-жылы чыгарылган, баштапкы баасы 78840 сом;
- ЮМЗ ЭО - 2621 - 1986-жылы чыгарылган, баштапкы баасы 54000 сом.

Аукцион 2025-жылдын 10-октябрь күнү саат 15.00дө Мады айыл өкмөтүнүн кеңсесинде өткөрүлөт, аукцион 3 лот менен коюлат. Дареги: Ош облусу, Кара-Суу району, Асан-Чек айылы, Алымбек уулу Асанбек көчөсү 17а, сурап -билүү номери: (0550)-661-221.

# Кыргызстанда үрп-адаттарды тартипке келтирүүдөгү ыкмалар

### Каада-салттын көлөкөсүндөгү карапайым түйшүк

Кыргыз эли байыртадан эле салт-сананы туу тутуп, каада-көрөнүшүн ыйык сактап келген эл. Үлпөт той, бешик той, сүннөт, жылдык, кыркылыктар булар биздин маданияттын күзгүсү, тарыхыбыздын улуу уландысы. Бирок, акыркы жылдары ушул салтанаттардын артынан коомдо түйшүк көбөйүп, айрым учурда каада-салттын көтөрүлгүс жүгүн көтөрүп келе жаткан карапайым элдин наразычылыгы байкала баштады.

Элибиздин «элден кем болбойлу» деген намысы, «сыйыналы» деген салты айрым учурда «чыгым кылалы» деген ысырапка айланып, үй-бүлөлөрдү карызга белчесинен батырып, банкрот абалга жеткирген учурлар аз эмес. Жарлык менен келген тартипсиздикти жоюу аракети дал ушул түйшүктүн тамырын кыркуу максатын көздөп турат.

2022-жылдын 24-февралында Кыргыз Республикасынын Президенти тарабынан кол коюлган №54 Жарлык бул жөн гана документ эмес, бул коомдук аң-сезимди ойготкон, элибиздин көөнө каадасын ыраатуулукка салган жаңы доордун башаты демекчибиз.

### Кайдыгерликтен кырсыкка чейин: салттын арты менен келген карыз

Той менен топурду, аш менен азаны акылга салбай өткөргөн учурлар кыргыз коомунда көнүмүш көрүнүшкө айланып бара жаткан эле. Бүгүн той өткөрүш үчүн банктан кредит алуу, жамандыкта элдин баарын тойго чакырып, жүздөгөн адамды узатып, ашыгы менен чыгым кылуу кадимкидей эле көрүнүш болуп калды.

«Уятыбыз кетпесин» деп үйүн саткан, же кыймылсыз мүлкүн күрөөгө коюп, жакындарын акыркы сапарга узаткан учурлар бизге чоочун эмес. Бирок, бул көрүнүш улуулук эмес, бул акылсыздык. Акыры мындай көрүнүштөр коомдук чыңалууга, социалдык теңсиздикке алып келе баштаган.

Мына ушундай шартта Президентибиздин жарлыгы элдин үнүн уккан чечим катары кабыл алынды. Салтты сактоо менен катар, акылдуулукту колдонуу убактысы келгени белгилүү болду.



### Жарлыктан иштерге: жоопкерчиликтүү аткаруу башталды

2022-жылдын 26-мартында Кыргыз Республикасынын Президентинин Ош облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлү тарабынан №01-52/33 сандуу буйрук чыккандан кийин, облустук, райондук деңгээлдеги бардык мекеме-уюмдар бул ишти колго алышты.

Ар бир айыл аймакта атайын комиссиялар түзүлүп, эл менен жолугушуулар өткөрүлдү. Түшүндүрүү иштери башталды. Эң негизгиси - бул аракет жөн гана көзөмөл эмес, элдин аң-сезимин өзгөртүүгө багытталган кампания болду.

Айталы, Өзгөн районунун Төрт-Көл айыл аймагынан Кенжебек Калыков аттуу жаран бир тууган агасынын жылдыгын өткөрүүнүн ордуна айылына таза суу чыгарып берди. Ушул эле айылдан Б.Эгембердиев да атасынын кырктыгын өткөрүүнүн ордуна 150 миң сомдук суу чыгаруу иштерин колдоду.

Жалпак-Таш айыл аймагынан Т.Турдубаев жана А.Жунусалиевдер жол куруу иштерине жардам берип, өз жакынынын жылдыгын ашыкча чыгымсыз өткөрүштү. Жазы айыл аймагынан Т.Калдарбековдун балдары 500 метр жолго шагыл төшөп, эскерүүнү эл үчүн пайдалуу ишке айлантышты.

Бул кайгыны деле жарык кылып, акыл менен өткөрүүгө мүмкүн экенинине багыт берди десек болчуудай. Салтты жокко чыгаруу эмес, салтты тартипке салуунун натыйжасы дурус экенин жазбасак болбос.

### Той өз убагында башталып, өз убагында аякташы керек

Кыргыздын тою качан башталат? «Саат алтыда» деген той чакыруусу, көбүнчө саат тогузга чейин созулуп, ал эми той өзүнүн кызыкчуу бөлүгүн түнкү он экиде баштаган учурлар да аз эмес. Мындай кеч башталган тойлор неге алып келет?

Биринчи кезекте бул адамдардын убактысын урматтабагандык. Экинчиден түнкү эс алуусун бузуу, андан соң коомдук коопсуздук маселелери.

Мына ушундан улам жаңы буйрук боюнча тойлор кечки саат 17:00дө башталып, 22:00дө аякташы шарт. Бул өзгөрүү той ээлерине гана эмес, конокторго да чоң жеңилдик болду. Азыр той ээлери кечиккендерге эскертип, убакыттын баалуу экенин түшүндүрө баштады. Бул да болсо тартипке чакырган жарандарыбыздын мыйзамды сыйлоосу десек болот.

### “Тынчтык жөнүндө” Мыйзам -адеп-ахлакка жана ынтымакка жол

2024-жылдын 26-декабрында кабыл алынган “Тынчтык жөнүндө” №194 Мыйзамы да бул жааттагы чечкиндүү кадамдардын бири. 2025-жылдын август-сентябрь айларында бул мыйзамды ишке ашыруу боюнча райондук деңгээлде буйруктар чыгып, тиешелүү органдарга тапшырмалар берилди.

Ош облусунун Алай, Араван, Кара-Суу, Кара-Кулжа, Өзгөн, Ноокат жана Чоң-Алай райондорунун мамлекеттик администрациялары тарабынан тиешелүү чечимдер кабыл алынып, укук коргоо органдары менен биргеликте түшүндүрүү иштери жүргүзүлүүдө.

Бул мыйзамдын максаты, тынчтыкты сактоо менен бирге, элдин саламаттыгын, адеп-ахлагын коргоо. Ызы-чуу, тыгын, тажаткан музыкалар, айлананы булгаган таштандылар мунун баары акыркы убактарда тойлордун көрүнүшүнө айланып бараткан эле. Эми болсо мамлекет деңгээлинде көзөмөлгө алынууда.

### Салтты сактоо -ысырап кылуу эмес

Кыргыз эли эч качан салтын таштаган эмес. Бирок, каада-салт дегенди чыгым менен гана байланыштырып алуу жаңылыштык.

Эгер кимдир бирөө атасынын жылдыгын өткөрүүнүн ордуна айылына көпүрө куруп берсе бул салтты сактабагандык эмес, бул салтты баалоонун жаңы формасы.

Эгер эне уулунун сүннөт тоюна миң кишини чакыруунун ордуна айыл мектебине китеп белек кылса бул да кыргыздын урпакка болгон камкордугу.

Салтты акыл менен айкалыштыруу бул кыргыздын жаңы доордо өзүн кайра таанып жатканынын белгиси.

### Тартип -жоготуунун эмес, өсүүнүн башаты

Кыргызда бир накыл сөз бар: «Тартип бар жерде – ырыс бар». Мына ушул ырыс эл арасына кайра кайтып келе баштады. Бүгүн эл салтты сактайм деп карызга батып, жылдап төлөй албай жүргөн заман артта калды. Эми эл салтанатты акыл менен өткөрүп, чыгымдын ордуна чын ыраазычылык берүүнү үйрөнүп жатат.

Мамлекет бул ишти күчкө салып эмес, түшүндүрүү аркылуу, сабаттуу маалымат берүү менен жүргүзүп жатат. Бул биримдиктин да, элдин да жетилгендигинин белгиси.

Ош облусундагы көптөгөн айылдар чоң өзгөрүүлөрдүн башында турат. Ар бир аткарылган иш жаңы маданияттын пайдубалы. Салт менен заманбаптык айкалышкан коом албетте, келечеги кең Кыргызстан.

Аталардын арбагын сыйлап, элдин саламаттыгын ойлогон ар бир жарандын аракети чыныгы патриотизм. Салт сакталсын, бирок, салтка садага чабылбасын!

**Н.ӨМҮРЗАКОВА.**

Саламатчылык

# Лаборатория жаңы аппараттар менен камсыздалган





Ар бир ооруп келген адамдын ден-соолугун текшерүүдө анализ алып, лабораториялык жол менен диагноз коюшат. Мына ошондой иш –араккеттерин жүргүзгөн Ноокат аймактык лаборатория бөлүмү жөнүндө сөз кылабыз. Негизинен алганда, лабораторияда өзүнүн кесибин мыкты билген 20 медкызматкерлери иштешет . Алар анализдин түрлөрүн чыгарышат. Лабораторияда 1 минутанын ичинде 13 параметрди чыгарып берүүчү газоанализатор аппараты бар.

Лабораторияда эмгектенген кызматкерлер эртең менен эрте жумуштарын башташат. Ооруканада дарыланып жаткан бейтаптардын анализин кабыл алышат. Жогорудагыдай анализди тез чыгарып берүүчү аппаратты “Ковид” мезгилинде алышкан.

Инфаркт, тромбоз оорулары көбөйгөндүгүнө байланыштуу 15 минутада дартты аныктоочу жаңы анализдин түрлөрүн аныктоочу аппарат, бөйрөктүн иштешин аныктоочу аппарат менен иштешет. ACCENT M320-жаңы аппарат азыркы заманбап аппараттардын бири. Аппараттын баасы 1,5 млн. сом, лаборанттардын ишин жеңилдетет. Тактап айтканда, 50 бейтаптын анализин салганда 25 минутанын ичинде чыгарып берет.

Лабораториядан чыккан анализдин жыйынтыктары, аймактык оорукананын бөлүмдөрүнө компьютерлер аркылуу жиберилет.

2016-жылы 1-С” программасына өтүшкөн. Ошол жылдан бери карай, анализдер копьютерлер аркылуу дарыгерлерге жиберилгенден кийин, бейтапты дарылай башташат. Өз ишин өздөштүрө билген тажрыйбалуу лаборатория кызматкерлери эмгектенишет. Алардын катарында Назгүл Арап кызы, лаборант Халима Тагаева, дарыгер-лаборант Жыргалбек Жумабаев, лаборант Насипа Капар кызы ж.б. кызматкерлерди атоого болот.

**Б. Ысакова.**